- экинчи тарап келишимдин милдеттерин аткарбаган же жазуу жүзүндө эскертүү алгандан кийин, он беш күндүк мөөнөттө өзү кетирген тартип бузууларын жойбогон учурда.

59. Ижара келишимин токтотуу, ижарага алуучуну ижаралык акыны, туумдарды жана айыптарды төлөө боюнча карыздарды төлөөдөн бошотпойт.

60. Ижара келишимин токтотуу учурунда ижарага берүүчү бир айлык мөөнөттө ижарага берилген объектти өзүнүн ээлигине жана пайдалануусуна кайтаруу боюнча чараларды көрүшү керек жана ыйгарым укуктуу органга тийиштүү маалыматты бериши керек.

## 6. Муницыпалдык мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижаралык акы

61. Ижаралык акы төлөмдөрдүн белгиленген так суммасында бекитилген түрүндө ижарага берүүчүнүн эсебине төгүлөт. Ижаралык акы коммуналдык төлөмдөрдү, эксплуатациялык чыгымдарды жана салык жана башка мыйзамдарда каралган башка төлөмдөрдү камтыбайт.

62. Ижарага алуучунун ижаралык акыны төлөө милдеттенмеси ижара келишиминде көрсөтүлгөн датадан тартып жаралат.

63. Ижаралык акыдан келип түшкөн каражаттарды максаттуу пайдалануу үчүн ижарага берүүчү-уюмдун жетекчиси жана башкы бухгалтери жоопкерчиликтүү болот.

64. Муницыпалдык мүлктүн ижаралык акысынан келип түшкөн каражаттар ай сайын ижарага берүүчүнүн эсептешүү эсебине келип түшөт жана ал тарабынан он банктык күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органдын эсебине которулат, кийин алар салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө мыйзамда белгиленген тартипте республикалык бюджетке которулат.

65. Муницыпалдык мүлктү түз берүү жолу менен же болбосо аукциондун жыйынтыгында ижарага алуучу, ижарага берүүчүнүн макулдугу менен ижаралык объектти капиталдык оңдоону же ижара объектин башка жакшыртуунун бөлүнгүс суммасы, оңдоону ишке ашырган учурда, жүргүзүлгөн иштердин сметалык наркына ылайык алардын суммасы, ижаралык акынын бир айлык өлчөмүнөн бир нече эсе ашса, алардын наркы, ыйгарым укуктуу орган менен макулдаштыкта ижарага берүүчүнүн башкаруусунда калган каражаттардан ижаралык акынын эсебинен жүргүзүлөт.

66. Ижарага берүүчү бул Жобонун 9-тиркемесине ылайык формада ар бир ижарага алуучу боюнча ижаралык акылардын келип түшкөндүгү жөнүндө маалыматтарды ыйгарым укуктуу органга ай сайын берип турушу керек.

Берилген маалыматтардын жана ижара келишимин түзүү менен байланышкан материалдардын ырастуулугу үчүн ижарага берүүчү-уюмдун жетекчиси жана башкы бухгалтери жоопкерчиликтүү болот.

67. Ижаралык акынын өлчөмү тараптардын бирге макулдашуусу боюнча түзүлүшү мүмкүн, бирок, мамлекеттик, анын ичинде административдык имараттарды, курулмаларды пайдалануу үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускамага ылайык эсептелген ижаралык акынын өлчөмүнөн төмөн болбошу керек.

68. Ижара акынын өлчөмүн мамлекеттик, анын ичинде административдык имараттарды, курулмаларды пайдалануу үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө нускамасы өзгөртүлгөн учурда, ыйгарым укуктуу орган тарабынан бир тараптуу тартипте өзгөртүлөт.

Жогоруда аталган Нускаманы өзгөртүү жөнүндө чечим күчүнө кирген күндөн тартып, он беш күндөн кечиктирилбей ижаралык акыны кайрадан эсептеп чыгаруу керектиги жөнүндө билдирүү ыйгарым укуктуу орган тарабынан ижарага алуучуга